08.00.12-Бухгалтердик эсеп статистика адистиги боюнча Экономика илимдеринин кандидаты илимий аражасын алуу үчүн коргоого сунушталган “Стратегиялык башкаруу эсебин жана жолдоо системын өркүндөтүү деген темадагы Бакай кызы Жамиланын диссертациялык ишине илимий жетекчиси э.и.д.профессор Суранаев Туратбек Жамалбековичтин

**ПИКИРИ**

Ата мекендик кайра иштетүү ишканалар азыркы мезгилдин талаптарын камсыз кылуу үчүн сапаттуу продукцияларды чыгаруу менен экономикада негизги ролду ойноп,келечектүү багыттардын бири экени баарыбызга белгилүү.

Кайра иштетитүүчү ишканалар өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу менен чыгымдарды азайтуу жана инновациялык ыкмаларды колдонуу аркылуу стратегиялык максаттарды ишке ашыруу учурдун талабы.

Стратегиялык башкаруу эсеб натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн чыгымдарды талдоо жана аларды оптималдаштыруу азыр кайра иштетүү өнөр жай тармактары негизги багыттардын бири болуп саналат.

Стратегиялык башкаруу эсеби ошондой эле ишкананын,узак мөөнөттөрү өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп жаны техникага,технологияга жана модернизациялоо долбооруна инвестицияларды тартып анын натыйжалуулугун баалого мумкундук берет. Демек, диссертациялык иштин актуалдуулугу талашсыз экени ачык билинип турат.

Автор тарабынан изилденип чыккан илимий адабияттар жана кайра иштетүү өнөр жайында стратегиялык башкаруу эсебин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоо азыркы учурда теориялык жана методологиялык жактан жетишсиз иштелип чыккандыгын далилдейт. Стратегиялык башкаруу эсеби боюнча концепциялардын мазмуну жана багыттары тууралу азыркы мезгилде талкуулар жүрүп жатканын белгилейт.Ошондуктан Бакай кызы Жамилага диссертациянын биринчи бөлүгүндө ишкананын эсеп саясатынын ,стратегиялык башкаруу эсебин түзүүнүн теориялык негиздерине жана аларды

уюштуруу боюнча чет өлкөлүк моделдерине салыштырмалуу талдоо жүргүзгөн.

Диссертацияда жүргүзүлгөн талдоо Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү тармагында ишканалардын азыркы учурдагы экономикалык абалы,финансылык ресурстарды жана инвестициялык каражаттарды пайдалануунун жыйынтыктары тиешелүү денгээлде жүргүзүлүп ,аларга автор тарабынан баа берилген.Бакай кызы Жамийла өзү жургүзгөн изилдөөлөрүнүн негизинде кайра иштетүү өнөр жайында стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнүн жөнгө салуунун көйгөйлөрүн жана аны жоюнун ыкмаларын аныктап,диссертациянын илимий жана практикалык деңгээлин көтөрүүгө салымын кошо алды.

Автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча санариптик технологияларды киргизүүнү эске алуу менен натыйжалуу башкаруу эсебинин системасын түзүү ыкмаларын иштеп чыга алды.

Максаты жана милдеттери менен диссертант Бакай кызы Жамила жигердүү илимий ишкердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктары ар кандай конференцияларда айтылып,илимий коомчулуктун жактыруусуна ээ болуп,тиешелүү жыйынтыктарда жарык көргөн. Рецензияланган эл аралык жана ата мекендик илимий журналдарда жарыяланган макалалар илимий натыйжалардын апробацияланганын тастыктайт, корутундулардын көз карандысыздыгын жана негиздүүлүгүн көрсөтөт. Автордун илимий тыянактары менен сунуштары Кыргыз Республикасынын айыл чарба жана кайра иштетүү министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунда талкууланып ишке ашыруу актысын алган.

Диссертация даярдоодо Бакай кызы Жамила өзүн квалификациялуу адис,максаттуу, өз алдынча, жоопкерчиликтүү,илимий изилдөөнүн заманбап ыкмаларын өздөштүргөн изилдөөчү катары көрсөттү. Теориялык негиздер жана методологиялык ыкмаларды жетиштүү билүү,материалдарды системаларштыруу жана жалпылоо тенденциясы, эсептөөлөрдү жүргүзүүдө жана алынган натыйжаларды тандоодо жөндөмдүүлүгү

кандидаттык диссертацияны ийгиликтүү бүтүүрүгө мүмкүндүк берди.

Жалпысынан алганда,диссертант Бакай кызы Жамилага алдыга коюлган маселелерди чечүүгө жөндөмдүү,калыптанган илимий кызматкер катары мүнөздөөгө болот.Тандап алган диссертация актуалдуу темада аткарылган жана илимий изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү диссертациялык иштин максаттарына жана милдеттерине жетише алды. “Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү”темасында сунушталган диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын президентине караштуу УАКтын 08.00.12-бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга карата талаптарын канааттандырат жана экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертациялык коргоо боюнча диссертацця кенешке коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи:**

**э.и.д.профессор** **Т.Ж.Суранаев**

17.05.24г.